дарственный гимн Киргизской ССР, народные музыкальные драмы «Алтын кыз» («Золотая девушка») и «Аджал ордуна» («Не смерть, а жизнь»). Власов и Фере создали первый киргизский национальный балет «Анар», в котором широко были использованы народные песни, танцы, игры. Произведения талантливого содружества стали основой репертуара Киргизского национального музыкального театра. Во время Великой отечественной войны композиторы издавали патриотические песни, широко распространяемые на фронтах, В.А. Власов руководил Киргизской фронтовой бригадой артистов и музыкантов. В 1950-1960-е годы Власов и Фере написали балет «Весна Ала-Тоо», оперы «На берегах Иссык-Куля» и «Токтогул» и другие произведения. По повестям Чингиза Айтматова В.А. Власовым были созданы балет «Асель» и музыкально-драматическое повествование для симфонического оркестра, чтеца, хора и солистов «Прощай, Гульсары!». Всего Власов и Фере создали 120 музыкальных произведений на кыргызские темы – современники писали, что «их вырастила и воспитала киргизская народная музыка». Воспитанники «московских киргизов» и сегодня продолжают развивать кыргызстанскую музыку, оперу и балет.



Мамлекеттик гимнин, элдик музыкалык драмаларды – «Алтын кыз» жана «Ажал ордуна» жазышкан. Власов жана Фере элдик ырлар, бийлер жана оюндар кеңири колдонулган биринчи кыргыз улуттук балети «Анарды» түзүшкөн. Бул таланттуу тандемдин чыгармалары Кыргыз улуттук музыкалык театрынын репертуарынын негизин түзгөн. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда композиторлор фронттордо кеңири жайылган патриоттук ырларды чыгарышкан. В.А. Власов Кыргыз фронттук артисттер жана музыканттар бригадасын жетектеген. 1950–1960-жылдары Власов жана Фере «Ала-Тоо жазы» балетин, «Ысык-Көл жээктеринде» жана «Токтогул» опералырын жана башка чыгармаларды жазышкан. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын негизинде В.А. Власов «Асель» балетин жана симфониялык оркестр, көркөм окуучусу, хор жана солисттер үчүн «Кош, бол Гүлсары!» музыкалуу-драмалык баянын жараткан. Жалпысынан, Власов жана Фере кыргыз тематикасына арналган 120 музыкалык чыгарма жаратышкан. Ошол кездеги замандаштар бул тууралуу: «Аларды кыргыз элдик музыкасы тарбиялап өстүрдү» деп жазышкан. «Московалык кыргыздардын» шакирттери бүгүнкү күнгө чейин кыргыз музыкасын, операсын жана балетин өнүктүрүүнү улантышууда.

Широкую известность и популярность получила в Советском Союзе кыргызская народная музыка и литература. Печатались на кыргызском и узбекском языке, переводились на русский язык и издавались большими тиражами произведения народных поэтов-импровизаторов – акынов. Выдающиеся акыны, такие как Тоголок Молдо, Токтогул Сатылганов, Калык Акиев, Алымкул Усенбаев пользовались большим почетом и не только исполняли традиционный народный эпос кыргызов, но и создавали собственные песни, поэмы, стихотворения, писали музыку, давали массовые концерты. В лице поэтов-акынов народная культура кыргызов получила полную государственную поддержку и признание – они становились народными артистами, членами Союза писателей, получали премии и ордена. Богатейший кыргызский фольклор привлек пристальное внимание русских исследователей, ученых-музыковедов и этнографов – таких, как Александр Викторович Затаевич, автор сборника «250 киргизских инструментальных пьес и напевов», и Виктор Сергеевич Виноградов. В.С. Виноградов написал большое количество работ о традиционной и советской кыргызской музыке, собрал большой фольклорно-этнографический материал в многочисленных экспедициях, описал наследие акынов и исполнителей эпоса



Совет мезгилинде кыргыз эл музыкасы менен адабияты кеңири таанылып, абдан популярдуу болгон. Элдик акындар – төкмө акындардын чыгармалары кыргыз жана өзбек тилдеринде жарыяланып, орус тилине которулуп, чоң тираж менен басылып чыккан. Тоголок Молдо, Токтогул Сатылганов, Калык Акиев, Алымкул Үсөнбаев сыяктуу көрүнүктүү акындар чоң урмат-сыйга ээ болуп, алар кыргыздардын салттуу элдик эпосун гана аткарып тим болбостон, өздөрү да обон чыгарып, ырларды, поэмаларды, музыка жазып, элге концерттерди беришкен. Төкмө акындар аркылуу кыргыздын элдик маданияты мамлекеттик деңгээлде толук колдоо таап, таанылган – алар эл артисттери, Жазуучулар союзунун мүчөлөрү болуп, сыйлыктарга, ордендерге ээ болушкан. Кыргыздын бай фольклору орус изилдөөчүлөрүнүн, музыкатануучуларынын жана этнографтарынын көңүлүн өзүнө бурган. Алардын ичинен Александр Викторович Затаевич («250 кыргыз инструменталдык күүсү жана обондору» жыйнагынын автору) жана Виктор Сергеевич Виноградов өзгөчө эмгегин сиңирген. В.С. Виноградов салттуу жана советтик кыргыз музыкасы боюнча көптөгөн эмгектерди жазып, көптөгөн экспедицияларды жүрүшүндө фольклордук-этнографиялык материалдарды чогултуп, акындардын жана «Манас» эпосун аткаруучулардын мурасын изилдеген. Анын эмгектеринен

«Манас». Среди его работ – «Музыка Советской Киргизии», «Токтогул Сатылганов и киргизские акыны», «Киргизская народная музыка», «Киргизские народные музыканты и певцы» и многие другие. В.С. Виноградов был бессменным членом международного совета народной музыки ЮНЕСКО и получил высокое звание Заслуженного деятеля искусств Киргизской ССР.

Свою творческую жизнь посвятил Киргизии и выдающийся композитор Петр Федорович Шубин, дирижёр, музыкальный педагог, Народный артист СССР, Народный артист Киргизской ССР, Заслуженный деятель искусств Киргизской ССР. В 1928 году Петр Федорович переехал в город Фрунзе и посвятил себя изучению киргизской народной музыки, воспитанию национальных кадров музыкантов. Некоторое время он был музыкальным руководителем театра рабочей молодёжи и преподавателем в музыкально-драматической студии, преподавателем музыкального техникума. С 1935 года Пётр Фёдорович — дирижёр Киргизского государственного театра, автор множества музыкальных произведений. Весной 1936 года на базе театрального ансамбля Шубин создал оркестр киргизских народных инструментов, в котором в качестве руководителя оставался до конца жизни. Именно под руководством Шубина в оркестре выступал выдающийся кыргызский акын Калык Акиев.



«Советтик Кыргызстандын музыкасы», «Токтогул Сатылганов жана кыргыз акындары», «Кыргыз эл музыкасы», «Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары» сыяктуу бир топ чыгармаларды белгилеп кетүүгө болот. В.С. Виноградов ЮНЕСКОнун эл аралык элдик музыка кеңешинин туруктуу мүчөсү болуп, Кыргыз ССРинин Эмгек сиңирген искусство ишмери деген ардактуу наамына ээ болгон.

Өзүнүн чыгармачылык өмүрүн Кыргызстанга арнаган көрүнүктүү композитор Пётр Фёдорович Шубин – дирижёр, музыкалык педагог, СССРдин Эл артисти, Кыргыз ССРинин Эл артисти, Кыргыз ССРинин Эмгек сиңирген искусство ишмери болгон. 1928-жылы Пётр Фёдорович Фрунзе шаарына көчүп келип, өзүн кыргыз эл музыкасын изилдөөгө жана улуттук музыкант кадрларды тарбиялоого арнаган. Кээ бир убактарда ал жумушчу жаштар театрынын музыкалык жетекчиси, музыкалык-драма студиясынын жана музыкалык техникумдун окутуучусу болуп иштеген. 1935-жылдан баштап Пётр Фёдорович Кыргыз мамлекеттик театрынын дирижёру болуп, көптөгөн музыкалык чыгармалардын автору болгон. 1936-жылдын жазында ал театрдык ансамблдин негизинде кыргыз эл аспаптар оркестрин түзүп, анын жетекчиси болуп өмүрүнүн аягына чейин иштеген. Шубиндин жетекчилиги астында бул оркестрде көрүнүктүү кыргыз акыны Калык Акиев да чыккан. Шубиндин насаатчылыгы менен Калык Акиев

Под наставничеством Шубина Калык Акиев изучал нотную грамоту, сольфеджио, теорию музыки, знакомился с классической музыкой, при его поддержке проявил в полной мере свой великий талант поэта, музыканта и исполнителя. Калык Акиев получил всесоюзную известность и был признан Народным артистом Киргизской ССР. Выросший в семье неграмотного бедняка, он впервые взял перо в сорок пять лет и самостоятельно записал все свои стихи, три тома которых были изданы большими тиражами, в том числе на русском языке.

В новообразованной Киргизской АССР необходимо было фактически с нуля создать промышленность, развить местную энергетику, механизировать сельское хозяйство, изучить недра республики, наладить разведку и добычу полезных ископаемых, организовать строительство и обеспечение новых заводов, фабрик, городов и поселков. За поддержкой правительство Киргизской АССР обратилось к Ленинградскому совету рабочих депутатов. По инициативе С.М. Кирова Ленсовет 17 ноября 1932 года принял постановление о шефстве над Киргизией. В Киргизию были направлены сотни вагонов леса, цемента, листового железа, стекла. Из этих стройматериалов в столице Киргизии были возведены пединститут, кирпичный завод, ветеринарная лечебница, тепловая электростанция. Из Ленинграда поступили сотни тысяч книг, составившие основу ныне действующих библиотек Бишкека. Начиная с 30-х годов тысячи инженеров и рабочих из Киргизии командировались для производственного обучения на крупнейшие предприятия Ленинграда. большая группа ленин-

ноталарды окуу, сольфеджио, музыка теориясы жана классикалык музыка менен таанышкан. Анын колдоосу менен Калык Акиев акындык, музыканттык жана аткаруучулук талантынын толук кандуу ачылышына мүмкүнчүлүк алган. Калык Акиев бүткүл союзга таанылып, Кыргыз ССРинин Эл артисти наамына ээ болгон. Сабатсыз кедейдин үй-бүлөсүндө чоңойгон Калык Акиев алгач калемди колуна кырк беш жашында алып, өзүнүн бардык ырларын өз алдынча жазган. Анын үч томдон турган чыгармалары чоң тираж менен, анын ичинде орус тилинде да жарык көргөн.

Жаңырган Кыргыз АССРинде өнөр жайды башынан тартып түзүү, жергиликтүү энергетиканы өнүктүрүү, айыл чарбасын механизациялоо, республиканын кен байлыктарын изилдөө, пайдалуу казындыларды чалгындоо жана казып алуу, жаңы заводдорду, фабрикаларды, шаарларды жана айылдарды куруу жана камсыздоо иштерин уюштуруу зарыл эле. Кыргыз АССРинин өкмөтү бул иштерде колдоо алуу үчүн Ленинграддын жумушчу депутаттарынын кеңешине кайрылган. С.М. Кировдун демилгеси менен 1932-жылдын 17-ноябрында Ленсовет Кыргызстандын үстүнөн шефтик кылуу тууралуу токтом кабыл алган. Кыргызстанга жүздөгөн вагон токой материалдары, цемент, темир барактар, айнек жөнөтүлгөн. Бул курулуш материалдарынан Кыргызстандын борборунда педагогикалык институт, кирпич завод, ветеринардык клиника жана жылуулук электр станциясы курулган. Ленинграддан жүз миңдеген китептер келип, бүгүнкү Бишкектеги китепканалардын негизин түзгөн.1930-жылдардан тартып,




градских инженеров была направлена в Киргизию. По направлению Ленсовета сюда приезжали врачи, зоотехники, лесоводы, ветеринары, более тысячи специалистов. Помощь Ленинграда позволила телефонизировать города Фрунзе, Ош, Пржевальск, Токмак, Кант. Ленинградский завод «Красная заря» в течение десятилетий поставлял в Киргизию оборудование телефонно-телеграфных станций, телефонные провода и аппараты. Благодаря помощи города на Неве, в Киргизии была создана полиграфическая промышленность. За короткий срок из Ленинграда поступило несколько десятков тонн киргизских шрифтов, что дало возможность выпускать собственную печатную продукцию на киргизском языке. Ленинградские ученые участвовали в составлении плана электрификации Киргизии. Предприятия города поставили республике все необходимое электрическое оборудование. К 1937 году в Киргизии работало 34 электростанции, 24 из которых построили ленинградцы. Ленинградские вузы распахнули свои двери для киргизской молодежи, здесь получили высшее и среднее специальное образование десятки тысяч кыргызстанцев. В Ленинградском госуниверситете был подготовлен первый кандидат наук из Киргизии Джамиль

миңдеген кыргыз инженерлери жана жумушчулары өндүрүштүк билим алуу үчүн Ленинграддын ири ишканаларына жөнөтүлгөн. Ошол эле мезгилде Ленинграддан Кыргызстандын өндүрүшүнө жүздөгөн инженерлер, дарыгерлер, зоотехниктер, токой чарба адистери, ветеринарлар жана башка бир миңден ашык адистер келген. Ленинграддын жардамы менен Фрунзе, Ош, Пржевальск, Токмок жана Кант шаарларына телефондук байланыш киргизилген. Ленинграддын «Красная заря» заводу ондогон жылдар бою Кыргызстанга телефон-телеграф станцияларынын жабдууларын, телефон зымдарын жана аппараттарын камсыз кылып турган. Нева боюндагы шаардын жардамы менен Кыргызстанда басма иштери өнүккөн. Ленинграддан кыргыз шрифтеринин ондогон тонналары жөнөтүлүп, бул кыргыз тилинде басылмалар чыгарууга мүмкүнчүлүк берген. Ленинграддын окумуштуулары Кыргызстандын электрлештирүү планын түзүүгө катышкан. Ленинграддык ишканалар республикага керектүү электр жабдууларын камсыздаган. 1937-жылга чейин Кыргызстанда 34 электр станциясы иштеп турган, алардын 24үн ленинграддыктар куруп беришкен. Ленинграддын жогорку окуу жайлары кыргыз жаштарына эшигин ачкан. Бул жерде ондогон миң кыргызстандык жогорку жана орто билим алган. Ленинград мамлекеттик университетинде Кыргызстандан чыккан биринчи илим кандидаты Жамиль Чолпонкулов даярдалган. Герцен атындагы Ленинград педагогикалык институту ондогон жылдар бою жыл сайын өз бүтүрүүчүлөрүн Кыргызстанга жөнөтүп турган. Кыргызстандын көрүнүктүү сүрөтчүлөрү жана скульпторлору Ленинграддагы И.Е. Репин атындагы көркөм өнөр

Чолпонкулов. Ленинградский педагогический институт имени Герцена на протяжении десятилетий ежегодно направлял своих выпускников в Киргизию. Большая часть выдающихся киргизских художников и скульпторов обучались в Ленинградской академии художеств имени И.Е.Репина. Ленинградские архитекторы являются авторами многих сооружений в киргизской столице, например, академгородка, кинотеатров и гостиниц. Целая плеяда знаменитых киргизских артистов театра, кино и балета выросла в стенах ленинградских театральных вузов.  Товарищество между ленинградскими и кыргызстанскими рабочими было взаимным. С 1933 года было организовано шефство Киргизии над военно-морской базой Кронштадт. Ленинградская пищевая промышленность снабжалась поставками кыргызстанских продуктов, в том числе мяса. Был организован санаторно-курортный отдых и лечение ленинградских рабочих и инженеров в Киргизии.

В 1932 году начала свою работу Киргизская экспедиция Академии наук СССР, задачей которой стало изучение географии и геологии Кыргызстана для нужд экономики. Экспедицией были обнаружены огромные запасы каменного угля, месторождения редких металлов, вольфрама, ртути, сурьмы и многих других полезных ископаемых. Ленинградцами были открыты известные сегодня во всем мире месторождения Хайдаркан и Кадамджай. На территории Киргизии на протяжении десятилетий работали исследовательские отряды из Ленинграда по различным отраслям науки. Геохимический отряд изучил и описал термальные источники Иссык-Куля и Джалал-Абада. Геоморфо-

академиясында билим алышкан. Ленинграддык архитекторлор Кыргызстандын борборундагы көптөгөн имараттардын, анын ичинде академгородок, кинотеатрлар жана мейманкаларды авторлору болуп саналат. Ленинград театралдык окуу жайларында кыргыз театр, кино жана балет искусствосунун белгилүү ишмерлери калыптанган. Ленинграддык жана кыргызстандык жумушчулардын достугу эки тараптуу болгон. 1933-жылдан тартып, Кыргызстан Кронштадт аскер-деңиз базасынын үстүнөн шефтик кылууну уюштурган. Ленинграддын азык-түлүк өнөр жайы Кыргызстандан эт баштаган азыктар менен камсыздалып турган. Ленинграддык жумушчулар жана инженерлер үчүн Кыргызстанда санаторийлерде эс алуу жана дарылануу уюштурулган.

1932-жылы СССРдин Илимдер академиясынын Кыргыз экспедициясы ишин баштап, анын негизги милдети Кыргызстанды экономиканын муктаждыктары үчүн географиялык жана геологиялык жактан изилдөө болгон. Экспедиция чоң таш көмүр запастарын, сейрек кездешүүчү металлдар, вольфрам, сымап, сурьма жана башка көптөгөн пайдалуу кен байлыктарды тапкан. Бүгүнкү күндө дүйнөгө белгилүү болгон Хайдаркан жана Кадамжай кендерин ленинграддыктар ачышкан. Кыргызстандын аймагында ондогон жылдар бою илимдин ар кайсы тармактары боюнча Ленинграддан келген изилдөөчү топтор иш жүргүзгөн. Геохимиялык топ Ысык-Көл жана Жалал-Абаддагы термалдык булактарды изилдеп, сүрөттөп жазган. Геоморфологиялык топ Чүй, Нарын, Сусамыр дарыяларында гидроэлектр

логический отряд научно обосновал возможность строительства гидростанций на реках Чу, Нарын, Сусамыр. Геологический отряд обнаружил месторождение кобальта, олова, вольфрама, горного хрусталя, молибдена, золота. Ихтиологический отряд изучил возможность разведения рыбы на Иссык-Куле, выявил более тридцати водоемов для организации рыбного хозяйства страны. Животноводческий отряд осуществил гибридизацию в овцеводстве. Лесной отряд составил описание «Леса и лесное хозяйство Киргизии». В 1933 году началась разработка плана развития кыргызстанской электроэнергетики.

Русско-кыргызское культурное взаимодействие сыграло важную роль в рождении кыргызстанской живописи. Родоначальником современного изобразительного искусства Кыргызской республики является уроженец Пишпека Семен Афанасьевич Чуйков – выдающийся живописец, педагог, культурный и общественный деятель, Народный художник СССР. В 1933 году С.А. Чуйков возвращается на родину, в город Фрунзе, где по его инициативе в 1933 году была открыта первая картинная галерея - ныне Кыргызский музей изобразительных искусств, в 1934 году создан Союз художников Киргизии. В 1935 году художник основал во Фрунзе собственную студию, а в 1939 году возглавил Фрунзенское художественное училище, которое сегодня носит его имя. Много лет С.А. Чуйков возглавлял Союз художников Киргизской ССР, занимался



станцияларын куруу мүмкүнчүлүгүн илимий негиздеген. Геологиялык топ кобальт, калай, вольфрам, тоо хрусталы, молибден жана алтындын кендерин тапкан. Ихтиологиялык топ Ысык-Көлдө балык өстүрүү мүмкүнчүлүгүн изилдеп, өлкөнүн балык чарбасын уюштуруу үчүн отуздан ашык суу сактагычтарды аныктаган. Мал чарбачылык тобу кой чарбачылыгында гибриддөө иштерин жүргүзгөн. Токой чарба тобу «Кыргызстандын токойлору жана токой чарбачылыгы» деген эмгекти түзгөн.1933-жылы Кыргызстанда электроэнергетиканы өнүктүрүү планынын иштеп чыгуу башталган

Орус-кыргыз маданий кызматташтыгы кыргызстандык сүрөт искусствосунун жаралышында маанилүү роль ойногон. Кыргыз Республикасынын заманбап сүрөт искусствосунун баштоочусу — Пишпек шаарында туулган Семён Афанасьевич Чуйков. Ал көрүнүктүү сүрөтчү, педагог, маданий жана коомдук ишмер, СССРдин эл сүрөтчүсү болгон. 1933-жылы С.А. Чуйков өзүнүн туулуп-өскөн жери Фрунзе шаарына кайтып келген. Анын демилгеси менен 1933-жылы алгачкы сүрөт галереясы ачылган, бул азыркы Кыргыз улуттук сүрөт искусство музейи. 1934-жылы Кыргыз ССРинин Сүрөтчүлөр союзу түзүлгөн. 1935-жылы С.А. Чуйков Фрунзе

преподавательской и писательской деятельностью. Главная тема творчества художника — жизнь, природа, люди Кыргызстана. За картину «Дочь Советской Киргизии» художник получил Золотую медаль Всемирной выставки в Брюсселе в 1958 году. Сам о себе Семен Афанасьевич говорил: «Мне душно и тесно в подмосковных лесах, хочу на просторы Чуйской долины! Я - кыргызское дитя!» Помимо С.А. Чуйкова всесоюзную и всемирную известность снискал и его младший современник – Гапар Айтиевич Айтиев, живописец, сценограф, педагог, Герой Социалистического труда, Народный художник СССР. Ученик русского художника Николая Петровича Крымова, Гапар Айтиев окончил Московское областное художественное педагогическое училище и уже с 1938 года стал художником-постановщиком Киргизского музыкально-драматического театра. Г.А. Айтиев создал художественное оформление знаменитых спектаклей «Алтын кыз», «Токтогул» и многих других, а также стал автором панно и росписей плафона зрительного зала Киргизского театра оперы и балета. Он также создал памятник Токтогулу Сатылганову и ряд скульптурных портретов. Кыргызский национальный музей изобразительных искусств носит его имя, а его работы можно найти не только в Кыргызстане, но и в России – в Государственной Третьяковской галерее в г. Москва.



шаарында өзүнүн студиясын негиздесе, 1939-жылы Фрунзенин сүрөт окуу жайын жетектеп, кийинчерээк бул окуу жай анын ысымын алган. Көп жылдар бою С.А. Чуйков Кыргыз ССРинин Сүрөтчүлөр союзун жетектеп, окутуучулук жана жазуучулук менен алектенген. Анын чыгармачылыгынын негизги темасы — Кыргызстандагы жашоо, табият жана адамдар. 1958-жылы сүрөтчүнүн «Советтик Кыргызстандын кызы» аттуу сүрөтү Брюсселдеги дүйнөлүк көргөзмөдө алтын медалга татыктуу болгон. Өзү тууралуу С.А. Чуйков мындай деп айткан: «Подмосковьедеги токойлордо дем алуу мага оор жана тар, Чүй өрөөнүнүн кеңдигин эңсейм! Мен — кыргыздын баласымын!»С.А. Чуйковдон тышкары анын замандашы, белгилүү сүрөтчү Гапар Айтиев дагы союздук жана дүйнөлүк атакка жетишкен. Гапар Айтиев сүрөтчү, сценограф, педагог, Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССРдин эл сүрөтчүсү болгон. Ал орус сүрөтчүсү Николай Петрович Крымовдун окуучусу болуп, Москва областтык сүрөт-педагогикалык окуу жайын бүтүргөн. 1938-жылдан баштап, Г.А. Айтиев Кыргыз музыкалуу-драма театрынын сценарийдин сүрөтчүсү болуп иштей баштаган. Айтиев белгилүү «Алтын кыз», «Токтогул» жана башка көптөгөн спектаклдердин көркөм жасалгасын түзгөн, ошондой эле Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрынын көрүүчүлөр залынын шыбына түшүрүлгөн панно жана сүрөттөрдүн автору болгон. Ал Токтогул Сатылгановдун эстелигин жана бир катар скульптуралык портреттерди жараткан. Кыргыз улуттук көркөм сүрөт музейи анын ысымын алып жүрөт, ал эми анын эмгектери Кыргызстанда эле эмес, Россияда – Москва шаарындагы Мамлекеттик Третьяков галереясында дагы сакталат

Заметный и важный след в истории кыргызской культуры оставили русские женщины. Так, с 1939 года в город Фрунзе переселилась выдающаяся скульптор Ольга Максимилиановна Мануйлова, ставшая Народным художником Киргизской ССР. Всего ей создано более 800 скульптурных композиций, в частности памятник Тоголоку Молдо. В честь О.М. Мануйловой назван астероид, а ее жизни и творчеству посвящен Мемориальный дом-мастерская в современном Бишкеке. Народным художником Киргизской ССР является и Лидия Александровна Ильина, художник-график, основательница кыргызстанской школы графики. Вместе с мужем, графиком Андреем Николаевичем Михалевым, Ильина с 1939 года жила и творила в Киргизии, она автор многих плакатов, книжных иллюстраций. Произведения Ильиной находятся в Кыргызском национальном музее изобразительных искусств им. Г. Айтиева, в крупнейших музеях России - Государственной Третьяковской галерее, Государственном музее народов Востока (Москва), Государственном Русском музее (Санкт-Петербург), в музеях других стран.





Кыргыз маданиятынын тарыхында орус аялдары байкаларлык жана маанилүү из калтырган. Мисалы, 1939-жылдан тартып Фрунзе шаарына көрүнүктүү скульптор Ольга Максимилиановна Мануйлова көчүп келип, Кыргыз ССРинин Эл сүрөтчүсү болгон. Ал жалпысынан 800дөн ашуун скульптуралык композицияларды жараткан, анын ичинде Тоголок Молдонун эстелиги да бар. О.М. Мануйлованын урматына астероид аталып, анын жашоосу жана чыгармачылыгына арналган эстелик үй-устакана азыркы Бишкек шаарында орун алган. Кыргыз ССРинин Эл сүрөтчүсү болгон дагы бир көрүнүктүү инсан — кыргыз графика мектебинин негиздөөчүсү Лидия Александровна Ильина. Ал өзүнүн жолдошу, график Андрей Николаевич Михалев менен бирге 1939-жылдан тарта Кыргызстанда жашап, чыгармачылык ишмердүүлүк менен алектенген. Ильина көптөгөн плакаттардын жана китеп иллюстрацияларынын автору болуп саналат. Анын эмгектери Кыргыз улуттук көркөм сүрөт музейинде, Россиядагы ири музейлерде — Москвадагы Мамлекеттик Третьяков галереясында, Элдердин чыгыш искусство музейинде, Санкт-Петербургдагы Мамлекеттик Орус музейинде, ошондой эле башка өлкөлөрдүн музейлеринде сакталууда.

Огромными темпами развивалось кыргызстанское сельское хозяйство. Для орошения засушливых, полупустынных и гористых районов требовалось много воды, без которой земледелие было бы непродуктивным и сложным. С целью превращения кыргызских земель в цветущие сады еще в Российской империи уроженцем Санкт-Петербурга, инженером-гидротехником Владимиром Александровичем Васильевым, впоследствии заслуженным ирригатором Киргизской ССР, были проведены изыскания и разработаны проекты обводнения долины реки Чуй и каскада Нарынских ГЭС, тоннеля через Чуй-Илийские горы. С 1941 года началось строительство систем Большого Чуйского канала (БЧК). По проекту, доработанному инженером М.В. Патрушевым, подразумевалось проведение трех ирригационных сооружений – Западного, Восточного и Южного каналов. В условиях Великой Отечественной войны возведение канала превратилось в многолетний трудовой подвиг. Помимо самих каналов, было выстроено 7 гидроэлектростанций, обеспечивающих энергией северный Кыргызстан. В 1953 году был открыт Западный Большой Чуйский канал протяженностью 145 км, орошающий 82 тысячи гектаров земли и снабжа-

Кыргызстандын айыл чарбасы чоң ылдамдык менен өнүгүп жаткан. Кургак, жарым чөлдүү жана тоолуу аймактарды сугат суу менен камсыз кылуу зарыл эле, анткени суу жок дыйканчылык натыйжасыз жана кыйын болмок. Кыргыз жерлерин гүлдөгөн бакчаларга айландыруу максатында, дагы Россия империясынын убагында, Санкт-Петербургдун тургуну, гидротехник-инженер Владимир Александрович Васильев тарабынан сугат изилдөөлөрү жүргүзүлүп, Чүй дарыясынын өрөөнүн сугат менен камсыздоо, Нарын дарыясынын ГЭС каскаддарынын жана Чүй-Илий тоолору аркылуу тоннель куруунун долбоорлору иштелип чыккан. Васильев кийин Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген ирригатору болгон.1941-жылдан тарта Чоң Чүй каналынын (ЧЧК) системаларын куруу башталган. Инженер М.В. Патрушев тарабынан иштелип чыккан долбоордо үч ирригациялык курулушту — Батыш, Чыгыш жана Түштүк каналдарын куруу каралган. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда каналдарды куруу көп жылдык эмгек эрдигине айланган. Каналдардан тышкары, Түндүк Кыргызстанды энергия менен камсыз кылган 7 гидроэлектростанция курулган. 1953-жылы узундугу 145 чакырым болгон Батыш



ющий водой столицу Кыргызстана. К 1958 году закончен Восточный Большой Чуйский канал протяженностью 100 км, орошающий более 41 000 гектаров, а Южный Большой Чуйский канал строили уже в 1970-е годы. Благодаря Большому Чуйскому каналу 40 процентов земель Чуйской области стали плодородными - это 100 666 гектаров, на которых разбиты поля и сады.

Серьезным испытанием российско-кыргызстанской дружбы стала Великая Отечественная война СССР против фашизма. 22 июня 1941 года фашистская Германия и ее европейские союзники (Италия, Румыния, Венгрия, Финляндия и другие страны) напали на Советский Союз. В планы фашистов входило завоевание всей территории СССР и уничтожение всех его народов – в том числе и русских, и кыргызов, и узбеков. Все народы СССР вместе встали на защиту Родины.

Из лучших сынов Кыргызстана была сформирована 316-я стрелковая дивизия, 385-я стрелковая дивизия, 4-я стрелковая бригада, 40-я и 153-я отдельные стрелковые бригады, 107-я, 108-я и 109-я кыргызские кавалерийские дивизии и другие подразделения. В 1943 году были укомплектованы отдельные батальоны автоматчиков имени Героев Советского Союза Чолпонбая Тулебердиева и Дуйшенкула Шопокова.

Одну из самых блистательных страниц в историю Великой Отечественной войны вписала 316-я стрелковая дивизия, которой командовал военком Киргизской ССР, генерал-майор И.В. Панфилов. В легендарном бою под

Чоң Чүй каналы ачылган, ал 82 миң гектар жерди сугарып, Кыргызстандын борборун суу менен камсыздаган. 1958-жылга чейин узундугу 100 чакырымды түзгөн Чыгыш Чоң Чүй каналы бүтүп, 41 миң гектардан ашык жерди сугарып турса, Түштүк Чоң Чүй каналы 1970-жылдары курулган. Чоң Чүй каналынын аркасында Чүй облусунун 40 пайызы, тактап айтканда, 100 666 гектар жер сугатка айланып, ал жерлерде талаалар жана бакчалар түзүлгөн.

Советтик Кыргызстан менен Россиянын достугунун эң оор сыноосу болуп Улуу Ата Мекендик согуш (фашизмге каршы согуш) болду. 1941-жылдын 22-июнунда фашисттик Германия жана анын Европадагы союздаштары (Италия, Румыния, Венгрия, Финляндия жана башка өлкөлөр) Советтик Союзга кол салды. Фашисттердин планы СССРдин бардык аймактарын басып алып, анын бардык элдерин жок кылуу – анын ичинде орус, кыргыз, өзбек элдерин да. Бардык СССР элдери биригип, Отанды коргоо үчүн күрөшкө чыгышты.Кыргызстандын эң мыкты уулдарынан 316-аткычтар дивизиясы, 385-аткычтар дивизиясы, 4-аткычтар бригадасы, 40- жана 153-аткычтар бөлүнгөн бригадалары, 107-, 108- жана 109-кыргыз кавалерия дивизиялары жана башка бөлүктөр түзүлдү. 1943-жылы СССРдин Баатырлары Чолпонбай Тулебердиев жана Дуйшенкул Шопоковдун атындагы жеке автоматчылар батальондору түзүлгөн. Улуу Ата Мекендик согуштун тарыхына эң даңазалуу барактардан бирин 316-аткычтар дивизиясы жазды, анын командири Киргиз ССРинин аскер комиссары, генерал-майор И.В. Панфилов болгон. Москва алдында-




Москвой у разъезда Дубосеково 16 ноября 1941 года, из 28 панфиловцев погибли смертью храбрых 23, но преградили путь фашистским захватчикам к Москве. Всем 28 бойцам было присвоено звание Героя Советского Союза. В их числе были славные посланцы Кыргызстана. На боевом посту пал смертью храбрых и генерал-майор Иван Васильевич Панфилов.

На фронтах Великой Отечественной войны погибло 114 тысяч 833 кыргызстанца. За мужество и отвагу, проявленные на фронте, более 150 тыс. воинов-кыргызстанцев были награждены орденами и медалями, из них 74 человека удостоены звания Героя Советского Союза, 21 воин награжден орденом Славы трех степеней.

Дружба жителей Кыргызстана и ленинградцев ярко проявилась в трагические дни блокады – окружения города фашистскими захватчиками. В суровые дни блокады

гы Дубосеково разъездинин жанында 1941-жылдын 16-ноябрында болгон атаандашуу кезинде 28 панфиловчу баатырча курман болду, бирок алар фашисттик баскынчылардын Москвага өтүшүнө жолтоо болушту. Бардык 28 жоокерге Советтик Союздун Баатыры наамы ыйгарылды. Арасында Кыргызстандын улуу уулдары да бар болчу. Ушул коркунучтуу чабуулда генерал-майор Иван Васильевич Панфилов да баатырча курман болгон.Улуу Ата Мекендик согуштун фронтторунда 114 миң 833 кыргызстандык курман болду. Согуштагы эрдиктери жана кайраты үчүн 150 минден ашык кыргызстандык жоокер ордендер жана медалдар менен сыйланган, алардын арасында 74 адам Советтик Союздун Баатыры наамын алган, 21 жоокер Слава орденинин үч даражасы менен сыйланган.

Кыргызстандыктар менен ленинграддыктардын достугу өзгөчө фашисттик баскынчылар тарабынан шаар блокадага алынган трагедиялуу күндөрдө ачык көрүндү.

Ленинграда (1941-1944) кыргызстанцы оказывали помощь и поддержку героическим защитникам города на Неве, участвовали в его обороне.

Акын Алымкул Усенбаев писал:

Перед тобою смерть закрыла путь,
Но плеч твоих вовек ей не согнуть.
Ты, Ленинград, как солнца яркий луч,
Пусть счастье морем от тебя течет.
От Ала-Тоо гор, что выше туч,
Киргизия поклон тебе несет.

Киргизии моей ты старший брат,
Великий город, светлый Ленинград!
Ты победишь, сметешь фашистский ад,
Батыр бессмертный, мудрый Ленинград!

Джамиль Чолпонкулов, выпускник Ленинградского государственного университета и первый кандидат наук из Киргизии, Омуркул Джеты-Кашкаев, бывший директор Киргизской государственной филармонии имени Токтогула Сатылганова и 4,5 тысяч других кыргызстанцев пали в боях за Ленинград.

Делегация трудящихся Киргизии по «дороге жизни» через Ладожское озеро доставила в осажденный город 50 вагонов первых подарков. В обращении к ленинградцам говорилось: «Мы всегда чувствовали бескорыстную помощь Ленинграда. Отсюда к нам шли отлично сделанные машины. Ленинградские рабочие и специалисты строили и осваивали наши промышленные предприятия. Ученые Ленинграда помогали нам в изучении и освоении недр нашей земли. …В горах Тянь-Шаля нет ни одной женщины, которая не отправила бы на фронт шерстяных носков, перчаток или теплой одежды, сделанной своими руками. Вместе с вами мы увере-

Ленинграддын блокадасы (1941-1944) учурунда кыргызстандыктар Неванын  жээгиндеги шаарды коргогон баатырларга жардам көрсөтүп, колдоо кылып, шаарды коргоого катышты.

Акын Алымкул Үсөнбаев жазган:

Алдында өлүм жолун токтотту,
Ийдирип ийниңди оорчулук сага салалбай.
Сен, Ленинград, күндүн жарык нурундай,
Бактылуулук  деңиз болуп сени көздөй агылсын.

Булуттан бийик Ала- Тоодон,
Кыргызстан сага таазим кылат.
Кыргызстан үчүн сен улуу агасың,
Улуу шаарсың, жарык Ленинград!

Сен жеңесиң, жексурду чөктүрөсүң,
Түбөлүктүү батыр, акылман Ленинград!

Джамиль Чолпонкулов, Ленинград мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүсү жана Кыргызстандан биринчи илимдин кандидаты, Омуркул Джеты-Кашкаев, Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясынын мурдагы директору жана 4,5 миңден ашык башка кыргызстандыктар Ленинград үчүн болгон салгылашууларда курман болушкан.

Кыргызстан эмгекчилеринин делегациясы Ладога көлү аркылуу өткөн «Өмүр жолу» менен курчоодогу шаарга алгачкы белектер менен толтурулган 50 вагон жеткирген. Ленинграддыктарга кайрылуусунда мындай деп айтылган:
«Биз ар дайым Ленинграддын өз ара жардамын сезип келгенбиз. Бул жактан бизге мыкты жасалган машиналар жеткирилчү. Ленинграддык жумушчулар жана адистер биздин өндүрүш ишканаларыбызды куруп, ишке



ны, что великий город неприступен для врага». Всего за период блокады киргизская делегация четыре раза навещала Ленинград, привозя с собой эшелоны продуктов.

Всего за годы войны Киргизская ССР отправила воинским частям и трудящимся различных регионов СССР 195 вагонов с продовольствием и вещами общим весом 3195 тонн - из них жителям блокадного города поступило 103 вагона, еще три досталось ленинградским партизанам.

Около 3,5 тыс. детей из охваченных войной регионов Советского Союза обрели в Кыргызстане настоящую родину, новых родных и близких. Только с ноября 1941 года по сентябрь 1942 года в республику из западных регионов СССР прибыл 41 детский дом. Всех их воспитанников разместили по территории республики, а основная нагрузка по оказанию им помощи – питание, крыша над головой, душевное тепло – выпала на долю сельских жителей.

Широко известна героическая история Токтогон Алтыбасаровой, колхозницы из Иссык-Кульской области. В 16-летнем возрасте девушка была


киргизүүгө жардам беришкен. Ленинграддын окумуштуулары биздин жерибиздин кен байлыктарын изилдеп, өздөштүрүүгө колдоо көрсөткөн. ... Тянь-Шань тоолорунда өз колу менен жүн байпак, мээлей же жылуу кийим жөнөтпөгөн бир дагы аял калган жок. Сиздер менен бирге биз улуу шаардын душманга алынгыс экенине ишенебиз». Блокада учурунда кыргыз делегациясы Ленинградга төрт жолу барган, ар дайым азык-түлүк жүктөрүн алып барган.

Согуш жылдары Кыргыз ССРи СССРдин ар кайсы аймактарындагы аскер бөлүктөрүнө жана эмгекчилерине жалпы салмагы 3195 тонна болгон азык-түлүк жана буюмдар менен 195 вагон жөнөткөн. Анын ичинен блокададагы шаардын тургундарына 103 вагон жеткирилсе, дагы үчөө ленинграддык партизандарга берилген.

Советтик Союздун согуш каптаган аймактарынан келген 3,5 миңге жакын бала Кыргызстанда өздөрүнө чыныгы мекен, жаңы туугандар жана жакындарын тапты. 1941-жылдын ноябрынан 1942-жылдын сентябрына чейин республикага СССРдин батыш аймактарынан 41 балдар үйү келген. Алардын тарбиялануучулары республиканы кыдырып жайгаштырылган, ал эми негизги жүк – азык-түлүк, турак-жай, жүрөк жылуулугу менен камсыздоо – айыл тургундарынын мойнуна жүктөлгөн.

Иссык-Көл облусунун колхозчусу Токтогон Алтыбасарованын баатырдык тарыхы көпчүлүккө белгилүү. 16 жашында кыз Күрмөнтү айылында айылдык кеңештин төрайымы болуп дайындалган. 1942-жылдын 27-августунда блокададагы Ленинграддан






назначена председателем сельского совета в селе Курменты. 27 августа 1942 года приняла 150 эвакуированных из блокадного Ленинграда детей. Они жили в общежитии местного колхоза, находясь под её попечением в последующие десять лет. Сама Токтогон родила и воспитала восьмерых детей вместе с мужем-фронтовиком. Всю свою жизнь она прожила и проработала в родном селе Курменты. Она стала прообразом для создания памятника блокадникам и кыргызам, приютившим эвакуированных в Кыргызстан ленинградцев. Его установили в парке Победы в Бишкеке.

Мемориал представляет собой прямоугольную стелу из чёрного мрамора, на которой высечены слова ленинградской поэтессы Ольги Берггольц «Живы, выдержим, победим» и нанесён барельеф из белого камня, изображающий женщину, прижимающую к себе ребёнка. Под монументом заложена капсула с землёй с Пискарёвского кладбища в Санкт-Петербурге, где покоятся погибшие блокадники-ленинградцы.

эвакуацияланган 150 баланы кабыл алган. Алар жергиликтүү колхоздун жатаканасында жашап, кийинки он жыл бою анын камкордугунда болушкан. Токтогондун өзү фронттон келген күйөөсү менен бирге сегиз баланы төрөп, тарбиялаган. Ал өзүнүн өмүрүн жана эмгегин туулуп-өскөн Күрмөнтү айылында өткөргөн. Ал Кыргызстанга эвакуацияланып келген ленинграддыктарды багып алган кыргыздардын жана блокадада калгандардын урматына тургузулган эстеликтин прообразына айланган. Бул эстелик Бишкектеги Жеңиш паркына орнотулган. Мемориал кара мрамордон жасалган тик бурчтуу стеланы билдирет, анын үстүнө ленинграддык акын Ольга Берггольцтун «Тирүүбүз, чыдайбыз, жеңебиз» деген сөздөрү чегилген жана ак таштан жасалган барельеф түшүрүлгөн, анда баланы кучагына кыскан аялдын сүрөтү тартылган. Монументтин астында Санкт-Петербургдагы блокадада каза болгон ленинграддыктар коюлган Пискарёв көрүстөнүнөн алынган жер салынган капсула коюлган.

В суровые годы Великой Отечественной войны Кыргызстан был в тылу, помогал фронту. Война круто изменила привычный ритм жизни в республике. Перестройка хозяйственной жизни с мирной на военную, расширение производственных мощностей, быстрый ввод в строй эвакуированных предприятий являлись важнейшими задачами военного времени. В Кыргызстан  было эвакуировано оборудование более 30 промышленных предприятий из временно оккупированных районов Украины, России и Белоруссии. На их базе в Кыргызстане были построены новые предприятия, начавшие за короткий срок выпускать необходимую для фронта продукцию. Они стали важнейшим фактором усиления всемерной помощи фронту. Среди них: фабрика «Красный швейник», завод «Красный металлист», Сельмашзавод им. М.В. Фрунзе, Ошский шелкокомбинат, Новотроицкий, Кантский, Беловодский сахарные заводы и др.

Всего же за годы войны было введено в строй свыше 70 промышленных предприятий. Значительное развитие получили машиностроение, цветная металлургия, угольная промышленность, энергетика, некоторые отрасли легкой и пищевой промышленности. За годы войны труженики сельского хозяйства республики дали государству значительно больше продуктов, чем за пять предвоенных лет, что помогло стране одержать победу над фашизмом.

Улуу Ата Мекендик согуштун оор жылдарында Кыргызстан тылда болуп, фронтко жардам берген. Согуш республикадагы кадимки жашоо ритмин кескин өзгөрттү. Тынч мезгилдеги чарбалык жашоону согуштук абалга ылайыкташтыруу, өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү, эвакуацияланган ишканаларды тез арада ишке киргизүү согуш маалындагы эң маанилүү милдеттерден болду.

Кыргызстанга Украина, Россия жана Беларусиянын убактылуу басылып алынган аймактарынан 30дан ашык өнөр жай ишканаларынын жабдуулары эвакуацияланган. Алардын базасында Кыргызстанда жаңы ишканалар курулуп, кыска мөөнөттө фронт үчүн зарыл продукция чыгара башташкан. Бул ишканалар фронтко ар тараптуу жардам көрсөтүүнүн маанилүү факторуна айланган. Алардын катарында «Красный швейник» фабрикасы, «Красный металлист» заводу, М.В. Фрунзе атындагы Сельмаш заводу, Ош жибек комбинаты, Новотроицкий, Кант жана Беловодский кант заводдору ж.б. бар эле.

Жалпысынан согуш жылдарында 70тен ашык өнөр жай ишканалары ишке киргизилген. Машина куруу, түстүү металлургия, көмүр өнөр жайы, энергетика, ошондой эле жеңил жана тамак-аш өнөр жайларынын айрым тармактары кыйла өнүккөн. Согуш жылдарында республиканын айыл чарба кызматкерлери мамлекетке согушка чейинки беш жылга караганда кыйла көп азыктүлүк беришкен, бул өлкөнүн фашизмди жеңишине чоң салым кошкон.

Зууракан Кайназарова (1902-1982) Чүй облусунан чыккан белгилүү айылдык эмгекчи айымдын тарыхы белгилүү. Анын эмгек иши 1929-жылы айыл чарба артелида башталган. 1934-жылы ал «Дружба» колхозунун кызылча өстүрүүчү бөлүмүн жетектеп, кант кызылчасынан рекорддук жогорку түшүм ала баштаган. Улуу Ата

Известна история Зууракан Кайназаровой (1902-1982), выдающейся сельской труженицы из Чуйской области. Ее трудовая деятельность началась в 1929 году в сельхозартели. Уже в 1934 году она возглавила звено свекловичниц колхоза «Дружба», добившись рекордно высоких урожаев сахарной свеклы. В период Великой Отечественной войны невероятно трудолюбивая женщина помогала другим трудящимся Кыргызстана обеспечивать фронтовиков продовольствием. Кроме того, Кайназарова дала приют большому количеству детей-сирот разных национальностей. Зууракан Кайназарова дважды получила высокое звание Героя Социалистического труда, а день ее рождения – 18 июня – отмечается в Кыргызстане как День сельских женщин.

